# «Талас мамлекеттик университети» мекемесинин жогорку кесиптик билим берүү программаларын программалык аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча тышкы баалоо боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу

**Төрайым:** ________ колу

Омурзакова Жылдыз Кубанычбековна
КРЭАУ, окуу иштери жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча проректору, т.и.к., доцент.

**Комиссия мүчөлөрү – билим берүү программалары боюнча эксперттер**

| № | Программанын аталышы | Шифр | Эксперттердин аты-жөнү | Колу | Иштеген жери, кызматы, ил.даражасы, ил.наамы. |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Педагогика (бакалавр) | 550700 | Султанбеков Шербек Черекчиевич | | ББПУАА, директордун кеңешчиси, п.и.к. |
| 2 | Социалдык-экономикалык билим берүү (бакалавр) | 550400 | Омурзакова Жылдыз Кубанычбековна | | КРЭАУ, окуу иштери жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча проректору, т.и.к., доцент. |
| 3 | Физика-математикалык билим берүү (бакалавр) | 550200 | Акерова Джылдыс Абдрамановна | | Ж.Баасагын атындагы КУУ, функционалдык анализдер кафедрасынын доценти, ф-м.и.к. |
| 4 | Филологиялык билим берүү (англ. тили, орус тили жана адабияты) (бакалавр) | 550300 | Жумалиева Гулира Эдилбековна | | И.Раззаков атындагы КМТУ, "Компьютердик лингвистика" кафедрасыные башчысы, фил.и.к., доцент. |
| 5 | Филологиялык билим берүү (кыргыз тили жана адабияты) (бакалавр) | 550300 | Курманалиева Гулнуркан Жакыпбековна | | Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультетинин социалдык иштер жана мамлекеттик тил боюнча декандын орун басары, фил.и.к., доц.м.а. |

**Референт:** ________ колу

Чолпонбаева Назгул Шалтаковна
ББПУАА, кесиптик билим берүү боюнча менеджер.

**15.05.2025 ж.– 16.05.2025 ж.**

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)

**“Талас мамлекеттик университети” мекемесинин төмөнкү жогорку кесиптик билим берүү программаларын тышкы баалоо боюнча алдын ала жыйынтыктары:**

- **550700 Педагогика (бакалавр)**
- **550400 Социалдык-экономикалык билим берүү (бакалавр)**
- **550200 Физика-математикалык билим берүү (бакалавр)**
- **550300 Филологиялык билим берүү (бакалавр)**

## 1 – Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча негизги кесиптик билим берүү программалары толуктоону талап кылат. ТалГУнун миссиясына дал келген, кызыкдар тараптардын суроо талаптарын эске алуу менен түзүлгөн максаттары так аныкталган эмес.
2. Окуу процессин жакшыртуу, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо үчүн мониторинг жүргүзүү процесси жөнгө салынган эмес.
3. Кошумча курстар студенттердин муктаждыктары менен аныкталган эмес жана жетишсиз жүргүзүлөт.
4. Атайын дисциплиналардын мазмунун калыптандыруу үчүн эмгек рыногунун өкүлдөрүн тартуу жетишээрлик деңгээлде жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2025-жылга чейин бардык багыттар боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларынын максаттары так аныкталып, толукталып иштелип чыксын.
2. Жыл сайын окуу процессин жакшыртуу, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо үчүн комплекстүү мониторинг жүргүзүлсүн жана жыйынтыктары ишке киргизилсин.
3. 01.09.2025-жылга чейин студенттердин муктаждыктарын аныктоо менен кошумча тил жана IT курстары уюштурулсун.
4. 01.09.2025-жылга чейин. окуу пландарын талкуулоо жана атайын дисциплиналардын мазмунун аныктоо үчүн социалдык өнөктөштөрдүн катышуусу менен биргелешкен иш-чаралар уюштурулсун жана берилген сунуштамалар ишке киргизилсин.

**1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.**

**2 - Стандарт аткарылып жатат**

**3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо**

**Алсыз жактары:**

1. Студенттер арасында тышкы академиялык мобилдүүлүк жетишээрлик деңгээлде уюштуруган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2025-жылга чейин студенттер арасында тышкы академиялык мобилдүүлүк пландаштырылсын жана ишке киргизилсин.

**3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал**

**Күчтүү жактары:**

1. Социалдык-экономикалык билим берүү, Физика-математикалык билим берүү программалары боюнча ПОК сапаттык түзүмү жогорку деңгээлде.
2. Ички аттестациялоо аркылуу ПОКтун ишинин сапатын баалоо системасынын болушу, анын жыйынтыгы боюнча диффереияланган эмгек акы белгилениши. ПОКтун ишин баалоонун рейтингдик системасынын киргизилгендиги.

**Алсыз жактары:**

1. Филологиялык билим берүү программасы (кыргыз тили жана адабияты профили боюнча) окутуучулар тарабынан окуу-методикалык көрсөтмөлөрүн иштеп чыгуу боюнча пландаштырылган иш чаралар жетишээрлик жүргүзүлгөн эмес.
2. Окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу системдүү түрдө жүргүзүлбөйт

**Сунуштамалар:**

1. 01.01.2026-ж. чейин Филологиялык билим берүү программасы (кыргыз тили жана адабияты профили боюнча) кесиптик дисциплиналар боюнча окуу-методикалык куралдарын басып чыгаруу планы иштелип чыксын жана ишке киргизилсин.
2. 01.09.2025 -ж окуу процессинин сапатын жогорулатуу максатында окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу программалары иштелип чыгып, системалуу негизде ишке ашыруу сунушталат.

**4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Күчтүү жактары:**

1. Окуу жайда археологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгында толукталып турган өзүнүн тарыхый-илимий багыттагы музейи түзүлгөн.

**Алсыз жактары:**

1. Филологиялык билим берүү программасы (кыргыз тили жана адабияты профили) боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык керектүү заманбап окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдар менен жетишсиз камсыздалган.
2. Окуу жайда жатакана жана спорт залдын жоктугу талапка жооп бербейт.
3. Окуу жайдын санитардык-техникалык жайларында (дааратканаларда) талапка жооп берген шарттар түзүлгөн эмес

**Сунуштамалар:**

1. Филологиялык билим берүү программасы (кыргыз тили жана адабияты профили) мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык керектүү заманбап окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдар менен жетиштүү көлөмдө камсыздоо боюнча планды 2025-ж. 01.09. чейин иштеп чыгып анын натыйжаларын жыл сайын талдоо менен анын аткарылышы камсыздалсын.
2. Эки жыл ичинде спорт зал жана жатакана курууга каражат табуу мүмкүнчүлүктөрүн издөө жана ишке ашыруу сунушталат.
3. 01.01.2026 чейин даараткана маселесин чечүү үчүн каражат бөлүнүп, оңдоо түзөө сунушталат.

**5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 6 - Стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий-методикалык жана изилдөө иши (жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары үчүн)

**Күчтүү жактары:**

1. "Социалдык-экономикалык билим берүү" программасынын тарых профили боюнча мектептер учүн атайын тарых сабагы боюнча мамлекеттик тилде жумушчу дептер иштелип чыккан жана региондогу бардык орто билим берүү мектептериндеги окуу процессинде колдонулат.
2. Филологиялык билим берүү программасы (англис тили, орус тили жана адабияты профили) заманбап талаптарга жооп берген жана окуу процессин эффективдүү ишке ашырууга шарт түзгөн жетиштүү материалдык-техникалык жана маалыматтык ресурстар менен камсыздалган. Орус тили жана адабияты боюнча "Россотрудничество" уюмунун жана "Русский Дом" фондунун жардамы менен "Центр русского языка" кабинети заманбап окуу китептери, 20 ноутбук, Смарт ТВ жана окуу эмеректери менен менен камсыздаган жана АКШнын элчилиги жана Америикалык Тынчтык корпусунун колдоосу менен заманбап китептер, 20 компьютер жана интерактивдуу доска менен камсыз болгон.

**Алсыз жактары:**

1. ПОК жана студенттердин кадыр-барктуу басылмалардагы жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иштер жетишсиз жүргүзүлүүдө.

**Сунуштамалар:**

1. Системалуу түрдө кадыр-барктуу басылмаларда профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин илимий иштерин жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иш чараларды киргизүү сунушталат.

**6- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2- Стандарт аткарылып жатат
3- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
6- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**Аккредитациялык чечимдин долбоору**

**“Талас мамлекеттик университети” мекемесинин төмөнкү жогорку кесиптик билим берүү программаларын:**

- **550700 Педагогика (бакалавр)**
- **550400 Социалдык-экономикалык билим берүү (бакалавр)**
- **550200 Физика-математикалык билим берүү (бакалавр)**
- **550300 Филологиялык билим берүү (бакалавр)**

**5 жылга аккредитациялоону сунуштайт**

**16.05.2025 ж.**